DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Зикирова Г.А., Култаева Д.Ч.*

# ИШМЕРДҮҮЛҮК МАМИЛЕ ЖАНА КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК

*Зикирова Г.А., Култаева Д.Ч.*

# ДЕЛОВОЕ ОТНОШЕНИЕ И ПРОФЕССИОНАЛЬНАЯ КОМПЕТЕНТНОСТЬ

*G.A. Zikirova, D.Ch. Kultaeva*

# BUSINESS RELATION AND PROFESSIONAL COMPETENCE

*УДК: 37.373.6:51*

*Бул макалада компетенттүү адисти даярдоо маселеси каралат. Ишмердүүлүк мамиленин кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруунун эффективдүү жолу катары мааниси жана ролу аныкталат. Компетенция, компетенттүүлүк, тажрыйба жана ишмердүүлүк түшүнүктөрүнүн өз ара байланыштары чечмеленет. Билим берүүдө компетенттүүлүк мамиленин интенсивдүү өнүгүшүнүн себептери катары изилдөөчүлөр бир нече факторлорду жана тенденцияларды белгилешет. Компетенция курактык динамикага жана курактык спецификага ээ экендиги белгиленип, компетенциялар өзүлөрүнүн үстөмдүк абалын өзгөртүшү айтылган. Компетенттүү кадрды даярдоодо эң оболу, билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү камтыган тажрыйбаларды тактап, аларды ишмердүүлүк мамиленин негизинде калыптандыруу эффективдүү болору көрүнүп турат. Ал үчүн кесиптик окуу жайлардын окуу пландарынын практикалык бөлүгүнө убакытты көбөйтүү зарыл экендиги айтылат.*

***Негизги сөздөр:*** *компетенция, компетенттүүлүк, ишмердүүлүк, кесиптик, тажрыйба, билим, инсан, жөндөмдүүлүк, аспект, нормативдүү белгилер.*

*В данной статье рассматривается вопрос подготовки компетентного специалиста. Определяются роль и значение деловых отношений как эффективного способа формирования профессиональных компетентностей. Будут расшифрованы взаимоотношения понятий компетенции, компетентности, опыта и деятельности. В качестве причин интенсивного развития компетентностного подхода в образовании исследователи выделяют несколько факторов и тенденций. Отмечается, что компетенция имеет возрастную динамику и возрастную специфику, оговариваются изменения доминирующего положения компетенций. При подготовке компетентных кадров представляется, что прежде всего, эффективнее выявлять знания, умения и навыки, формировать их на основе деловых подходов. Для этого необходимо увеличить время в практической части учебных планов профессиональных училищ.*

***Ключевые слова:*** *компетенция, компетентность, деятельность, профессионализм, опыт, знания, личность, способности, аспект, нормативные признаки.*

*This article discusses the issue of training a competent specialist. The role and importance of business relations as an effective way of forming professional competences are defined. The relationship between the concepts of competence, competence, experience and activity will be deciphered. As the reasons for the intensive development of the competence approach in education, researchers identify several factors and trends. It is noted that the competence has age dynamics and age specificity, changes in the dominant position of competences are stipulated. When training competent personnel, it seems that first of all, it is more effective to identify knowledge and skills, to form them on the basis of business approaches. To do this, it is necessary to increase the time in the practical part of the curricula of vocational schools.*

***Key words:*** *competence, competence, activity, professionalism, experience, knowledge, personality, abilities, aspect, normative signs.*

Азыркы убакта психологиялык-педагогикалык теория менен практикада компетенттүүлүк мамилени мүнөздөөчү түшүнүктөр дале болсо так аныктала элек. «Компетенттүүлүк» жана «компетенция» терминдерин чечмелөөгө карата адистердин арасында түрдүү пикирлер бар.

Адегенде «Компетенция» түшүнүгүн карайлы. Латынчадан которгондо компетенция («competentia») - «дал келүү», «бирдей өлчөмдүүлүк» дегенди билдирет.

«Компетенция» боюнча окумуштуу педагогдордун пикирлери да ар түрдүү. Алсак, М.В.Моисееванын пикиринде «Кандайдыр бир мекеменин же жактын ыйгарым укуктарынын топтому; ошол жак таанып-билген, бул боюнча тажрыйбалар камтылган маселелер топтому» [1,], Г.К.Селевконун оюнда «… кырдаалды кайра түзүү боюнча максатты коюуга жана ага жетүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн кошо уюштурулушу», Е.К.Хеннердин түшүнүгүндө «… инсандын белгилүү бир компетенцияга төп келүү даражасын чагылдыруучу жана өзгөрүлүп жат-

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



кан социалдык шарттарда конструктивдүү аракеттенүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү билгичтиктеринин деңгээли», ал эми М.Б. Лебедева боюнча «…инсандын белгилүү бир предметтер жана процесстер топтомуна карата берилүүчү, аларга карата сапаттуу жана жемиштүү ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон өз ара байланышкан сапаттарынын (мотивация, билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр, ишмердүүлүк, жөндөмдүүлүктөр) жыйындысы» [2].

Билим берүүдө компетенттүүлүк мамиленин интенсивдүү өнүгүшүнүн себептери катары изилдөөчүлөр төмөнкү факторлорду жана тенденцияларды белгилешет.

- бүтүрүүчүлөрдүн даярдык сапатына, эмгектин мазмунуна жана кесиптик ишмердиктин түрлөрүнө карата талаптардын өзгөрүшүнө мажбурлаган жаңы типтеги экономиканын жаралышы;
- информациялык технологиялардын интенсивдүү өнүгүшү;
- Адистердин кесиптик ишмердигинин чыгармачыл аспекттеринин жана интеллектуалдык потенциалынын улам жогорулаган приоритети;
- кесиптердин модификациясынын жана алардын глобализациясынын өсүшү.

“Компетенттүүлүк” жана “компетенция” түшүнүктөрүн интерпретациялоо боюнча, алардын айырмачылыгы жөнүндө бирдиктүү пикир, Кыргызстанда эле эмес, Европа биримдигинде деле азырынча жок. Чет элдик адабияттарда компетенттүүлүктү “терендетилген билим”, “адекваттуу аткаруу абалы”, “ишмердикти аткарууга актуалдуу жөндөмдүүлүк” ж.у.с. катары түшүндүрүлүшү, бул түшүнүктүн мазмунун толук чагылдыра албайт. Орус окумуштуулары да бул маселеде бирдиктүү пикирге келише элек. Компетенттүүлүк түшүнүгү россиялык илимде педагогдун кесиптик чеберчилиги областындагы изилдөөлөргө байланыштуу пайда болду, көбүнчө бул түшүнүктөр бир-бирин алмаштырат, алардын айырмачылык чектери да так белгиленбейт.

“Компетенция” жана “компетенттүүлүк” түшүнүктөрүнө берилген аныктамалардын көп түрдүүлүгүн анализдөөдө төмөнү тыянакты чыгарууга болот: “компетенция” түшүнүгүгө көбүнчө бүтүрүүчүнүн даяр болгондугу, жөндөмдүүлүктөргө ээ болгондугу, ишмердиктин методдоруна, каражаттарына реалдуу ээ болуусу, коюлган милдеттерди аткара алуу мүмкүнчүлүгү, курчап турган айлана чөйрөнү өзгөртүп түзүү боюнча максаттарды коюуга жана аларга жетүүгө мүмкүнчүлүк бере тургандай формада билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн айкалышы менен туюнтулган билим берүүнүн натыйжаларын белгилөө үчүн колдонулат. Компетенттүүлүк деп негизинен инсандын тиешелүү компетенцияларга ээ болушу түшүнүлөт.

Компетенция жана компетенттүүлүк татаал, көп компетенттүү түшүнүктөр. Алар предметтердин жана процесстердин анык бир чөйрөсүн мүнөздөшөт, ар түрдүү деңгээлдерде ишке ашырылат, б.а. ар түрдүү ой жүгүртүү амалдары (аналитикалык, сынчыл, коммуникативдик), ошондой эле, практикалык билгичтиктер, жүйөлүү акыл-эс аракетке келтирилет.

“Компетенция” терминининин мазмундуу аспекти когнитивдүү (бирге ээ болуу), операционалдуу (ишмердиктин ыкмаларынын, технологиялык сабаттуулуктун калыптангандыгы), аксиологиялык (нарк насилдерди өздөштүрүү, кесиптик эмгекке жана инсандык өсүүгө нарк-насилдик мамиле) түзүүчүлөрдү камтыйт [3].

Педагогика илиминин бир бутагы болгон Этнопедагогика илиминде бул муктаждыктын негизинде этномаданий комптенциялар аныкталганы малым. Мисалы, этномаданияттык компетенциялар жана алардын инсандык сапаттар аркылуу, этнопедагогикалык компетенттүүлүккө тарбиялоо максатында анын практикада колдонуусунун төмөнкүдөй мүнөздөгү өзгөчөлүү жана мазмуну бар экендигине күбө болобуз.

Компетенттүүлүк котециялы инженерлерди баалоо жана окутуу программалары улуттук инженердик бирикмелеринин Европалык ассоциациясы төмөнкү талаптарды камтыйт: теориялык моделди түзүү жана аларды пайдалануу, илимий анализ жана синтез негизинде техникалык маселелер боюнча өз пикирин эркин айттуу, кесиби боюнча новатордук кызматташуу менен техникалык прогресс жогорулатуу. Жогоруда көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөр, биринчиден техникалык жана математикалык ой жүгүртүү менен иштеп чыгуу [3].

Изилдөөчүлөр компетенция куурактык динамикага жана куурактык спецификага ээ экендигин да белгилешет. Ушуга байланыштуу компетенциялар өзүлөрүнүн үстөмдүк абалын өзгөртүшү мүмкүн.

А.К. Маркова кесиптик компетенттүүлүктү атайын компетенттүүлүк, социалдык компетенттүүлүк, инсандык компетенттүүлүк жана инди-

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



видуалдык компетенттүүлүк сыяктуу түрлөргө ажыратат. Ал кесипти педагогикалык компетенттүүлүктү "мугалимдин педагогдук эмгекти аткаруу үчүн зарыл болгон билимдери, билгичтиктери жана алардын нормативдүү белгилери жөнүндө кабардар болгондугу, "педагогдук ишмердикти аткарууга жагымдуу психологиялык сапаттарга ээ болуусу, эталондорго жана нормаларга ылайык реалдуу кесиптик ишмердик" катары аныктайт. Педагогдун компетенттүүлүгүнүн мазмунуна анын эмгек процесси жана ал эмгектин натыйжасы кийирилет. Эмгек процессинин түзүүчүлөрү-педагогикалык ишмердик, педагогикалык карым-катнаш, инсандык сапаттар, ал эми натыйжасы - окуучулардын окуп үйрөтүлгөндүгү, тарбиялангандыгы, Изилдөөчү "мугалимдин билим жана билгичтиктери анын эмгегинин объективдүү структурасын түзөрүнө" көңүл бурат жана ар бир процессуалдык блокто объективдүү зарыл болгон билим жана билгичтиктерди карайт, андан кийин аларды аткарууга психологиялык талаптарды келтирет [4].

"Негизги компетентциялар" түшүнүгү "компетенция" termininен тууунду катары каралат да, көпчүлүк басылмаларда негизги (ключевые) компетенциялар базалык, универсалдуу, ядролук компенецияларга бөлүнөт. Алар кесиптик ишмердиктин инсандык негизин түзүшөт. Ошондой эле, окутуу чөйрөсүнүн спецификасын чагылткан предметтик областтарга тиешелүү компетенцияларды жана бардык даражалар үчүн жалпы универсалдуу компетенцияларды бөлүп көрсөтүүгө болот.

Жогоруда айтылгандарды эске алганда, компетенция – бул, билим менен кырдаалдын ортосунда байланыш орнотууга болгон жалпы даярдык жана проблеманы чечүү жол-жобосун калыптандыруу. Үйрөнүүчүнүн билим алуучулук даярдыгына карата алдын-ала коюлуучу кандайдыр бир обочолонгон талап катары карасак дурус болот.

Билимдүүлүк компетенциясы – үйрөнүүчүнүн өздөштүргөн билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн турмушта пайдаланууга болгон даярдыгы же анын практикалык ишмердүүлүктү ишке ашырууга болгон жөндөмдүүлүгү.

XX кылымдын аягында Европа Кеңешинде оозеки жана жазма карым-катнашка ээ болууга тиешелүү болгон бир топ маанилүү саясий жана социалдык компетенциялардын катарында маалыматтык коомдун пайда болуусуна байланышкан компетенциялар да белгиленген. Мисалы, жаңы технологияларга ээ болуу, аларды өз практикасында пайдалана билүү, массалык маалымат каражаттары таратып жаткан маалымат менен жарнамага сын мамиле кылуу жөндөмдүүлүгү ж.б.

Ал эми компетенттүүлүк түшүнүгү адамдын тиешелүү компетенцияга ээ болуусу, анын ишмердүүлүк предметине болгон инсандык мамилесин камтыйт.

Компетенттүүлүк – бул мүнөздүү болуп калган инсандык сапат (мүнөздөмө) жана берилген чөйрөдөгү ишмердүүлүк боюнча минималдуу тажрыйба.

Түйүндүү компетенция - адамга кырдаалды түшүнүүгө, өздүк жана кесиптик ишмердүүлүгүндө конкреттүү кесиптик жана коомдук өнөктөштүк шарттарында натыйжаларга жетүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү аракеттенүүнүн бир топ жалпы (универсалдуу) ыкмалары.

Бир катар изилдөөчүлөр компетенттүүлүк түшүнүгү даярдык, даяр болуу түшүнүгүнө жакын деп белгилешет. Чындыгында, компетенттүү адис өзүнүн баалуулуктарын билүү жана өзүнө-өзү анализ берүү, өзүн жана өзгөнү салыштыруу, баалоо, келечекти долбоорлоо жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон өзүнчөлүк болуп саналат. Компетенттүүлүк өзүнө когнитивдүү (таанып-билүү), иш-аракеттик (ишмердүүлүк жөндөмдөрү жана ишмердүүлүктү ишке ашырууга болгон даярдык) жана аксиологиялык (белгилүү бир баалуулуктардын болушу) ж.б. аспектилерди (түзүүчүлөрдү) камтыйт.

Даярдык татаал психологиялык түзүлүш катары зарыл болгон билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөрдөн сырткары өзүнө кесиптик ишмердүүлүккө, инсандын сапаттарына жана жөндөмдүүлүктөрүнө коюлуучу адекваттуу талаптарды гана эмес, таанып-билүүчүлүк (кесиптик милдеттерди түшүнүү, алардын маанилүүлүгүн баалоо, ж.б.), мотивациялык (кесипке болгон кызыгуу, ийгиликке жетүүгө умтулуу, ж.б.) жана эрктик (шектенүүнү жеңүү, өз күчүн жумшоо билгичтиги, ж.б.) компоненттерди да камтыйт. Компетенттүү адистин өз кесибинин чектеринен чыгып кетүү жөндөмдүүлүгү компетенттүүлүктү даярдыктын жогорку даражасы катары аныктоого мүмкүндүк берет [5].

Жогоруда компетенция түшүнүгүнө берилген аныктамалардын арасында Г.К. Селевко сунуштаган аныктама көңүл бурууга татыктуу десек болот. Ал эки бөлүктөн турат:

1) «… кырдаалды кайра түзүү боюнча максатты коюу»;

DOI: 10.26104/NNTIK.2019.45.557



2) «ага жетүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн кошо уюштурулушу».

Мындан компетенция түшүнүгүнүн өзөгүн максат коюу түзөрү жана ага жетүү үчүн каражат катары билим, билгичтик жана көндүм эсептелери белгиленет. Демек, компетенция – бул турмуштук же кесиптик тажрыйбалардын жыйындысы. Ал эми тажрыйба – билимдин, билгичтиктин жана көндүмдүн биримдиги. Демек, тажрыйба билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн биригүүсү катары сыпатталат. Андыктан компетенттүү болуу үчүн биринчи кезекте тажрыйбаларга ээ болуу керек. Демек, компетенттүү болуу үчүн тажрыйбалардын белгилүү бир жыйындысына ээ болуу керек [6].

Салттык педагогикада тажрыйбаны толук калыптандыруу маселеси чечилбей келген. Көбүнесе, билимге басым жасалып келген. Азыр да ошондой калыпта болуп жаткандыгын практика көрсөтүүдө. Чындыгында, салттык педагогика компетенттүү кадрларды даярдоого толук жооп бере албайт. Анткени, окуу пландарында окуу-таанып билүү, чыгармачылык, ойлоп табуучулук ишмердүүлүктөрүнө көңүл бурулбайт. Тактап айтканда, учурдагы окутуу практикасында ишмердүүлүк мамиле, жеке инсанга багыт алуу жакшы жолго коюлбай келе жатат.

Ишмердүүлүк мамиле атайын талкуулоону талап кылган түшүнүк болуп эсептелет. Бирок бул чакан макалада аны майда баратына чейин анализдөө мүмкүн эмес. Анын үстүнө биз андай максат койгон эмеспиз. Ошондой болсо да, ишмердүүлүктүн компоненттерин санай өтөлү. Ишмердүүлүк максат, процесс, каражат, жыйынтык деген компоненттерди өз ичине камтыйт. Башкача айтканда, максаты жок, жыйынтыксыз ишмердүүлүк болбойт. Компетенцияга кирген ар бир тажрыйбаны калыптандыруу үчүн болочок адисти ишмердүүлүк процессине киргизүү керек. Ар бир билимдин, билгичтиктин жана көндүмдүн ордун жана маанисин ишмердүүлүк процессинде түшүнүү абзел.

Жыйынтыктап айтканда, компетенттүү кадрды даярдоодо эң оболу, билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү камтыган тажрыйбаларды тактап, аларды ишмердүүлүк мамиленин негизинде калыптандыруу эффективдүү болору көрүнүп турат. Ал үчүн кесиптик окуу жайлардын окуу пландарынын практикалык бөлүгүнө убакытты көбөйтүү зарыл деп ойлойбуз [5].

**Адабияттар:**


1. Алтыбаева М. Кесиптик билим берүүдө окутуунун натыйжаларын долбоорлоо маселелери. - Ош, 2018, №19. - 223 с.
2. Кайдиева Н.К. Научно-дидактические основы компьютерного математического образования для студентов гуманитарных специальностей [Текст]: дис…кан.пед.наук: 13.00.02 / Н.К. Кайдиева. - Б. 2011. - 137 с.
3. Лебедева М.Б. Что такое ИКТ-компетентность студентов педагогического университета и как ее формировать [Текст]: Информатика и образование / М.Б. Лебедева, О.Н. Шилова. - М., 2004. - №3 - С. 95-101.
4. Моисеева М.В. Развитие профессиональной компетентности в области ИКТ [Текст]: Базовый учебный курс / М.В. Моисеева. - М.: 2008. - 256 с.
5. Нажимидинова А.Э. Компетенттүү мамиле жана педагогикалык адистин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү жөнүндө. / Республиканский научно-теоретический журнал «Известия вузов Кыргызстана», №2. - Бишкек, 2015. - С. 253-254.
6. Култаева Д.Ч. Формирование прогрессиональной компетентности будущего инженера в процесс преподавания математики. / Республиканский научно-теоретический журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана», №1. - Бишкек, 2014. - С. 190-193.
7. Татур Ю.Г. Компетентностный подход в описании результатов и проектировании стандартов высшего профессионального образования (Авторская версия). - М.: Издательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2004. - 17 с.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Бабаев Д.Б.**